Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги
“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий билим берүү өндүрүштүк комплекси

Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталган
Протокол №__2__
“__02__”_____10_____2026-ж.

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун ректору, т.и.д., профессор
К.Ж.Усенов _____
“__02__”_____2026-ж.

Медициналык адистиктер (медициналык колледж) боюнча студенттердин өндүрүштүк практикасы жөнүндө жобо

1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Жобо (мындан ары – Жобо) Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Медициналык колледжинде (мындан ары – Медициналык колледж) орто кесиптик медициналык билим берүү программалары боюнча билим алып жаткан студенттердин өндүрүштүк практикасын уюштуруунун, өткөрүүнүн, көзөмөлдөөнүн жана баалоонун тартибин аныктайт.

1.2. Өндүрүштүк практика Кыргыз Республикасынын билим берүү жана саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, орто кесиптик билим берүү программаларына, окуу пландарына, окуу процессинин графиктерине жана университеттин ички ченемдик укуктук актыларына ылайык жүргүзүлөт.

1.3. Жобо төмөндөгү негизги мыйзамдар жана ченемдик актылардын негизинде түзүлдү;

«Кыргыз Республикасындагы саламаттык сактоо уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2004-жылдын 13-августу, № 116)

«Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2021-ж. 15.02 №40. Кыргыз Респуликасынын 2023-жылдын 11-августундагы №179 билим берүү боюнча мыйзамы, Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 23- январындагы №23 эмгек кодекси, ЖАМУнун студенттердин өндүрүштүк практикасын уюштуруу боюнча жобосу.

-Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы;

-Орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттары;

-Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси,

-Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы № 383 токтомунун Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү уюмдарында жумуш ордунда окутуу жөнүндө ЖОБОсу

-Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 15-июнундагы № 420 токтому менен жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясына байланыштуу жоболордун жаңы редакциясы

- Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ички нормативдик укуктук документтери, ЖАМУнун Уставы жана ички тартип эрежелери ж.б.

1.4. Өндүрүштүк практика орто кесиптик медициналык билим берүү программасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана студенттердин теориялык билимдерин практикалык ишмердикте колдонуу, кесиптик көндүмдөрүн калыптандыруу жана келечектеги кесибине даярдоо максатында өткөрүлөт.

1.5. Өндүрүштүк практика Медициналык колледждин билим берүү программаларына ылайык төмөнкү медициналык адистиктер боюнча уюштурулат:

Дарылоо иши;

Медайымдык иш;

Акушердик иш;

Фармация

Ортопедиялык стоматология

1.6. Студенттердин өндүрүштүк практикасы университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүндө, мамлекеттик жана жеке менчик саламаттык сактоо уюмдарында, ооруканаларда, үй-бүлөлүк медицина борборлорунда, үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунда, төрөт үйлөрүндө, поликлиникаларда жана башка тиешелүү медициналык мекемелерде жүргүзүлөт.

1.7. Практика базалары университет менен медициналык уюмдардын ортосунда түзүлгөн келишимдердин негизинде аныкталат.

1.8. Өндүрүштүк практиканы уюштуруу жана өткөрүү Медициналык колледждин жетекчилиги, практика үчүн жооптуу окутуучулар жана медициналык мекемелер тарабынан дайындалган практика жетекчилери тарабынан камсыздалат.

1.9. Практика учурунда студенттер медициналык уюмдун ички эмгек тартибин, санитардык-эпидемиологиялык талаптарды, инфекциялык көзөмөл эрежелерин, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын талаптарын, медициналык этика жана деонтология принциптерин сактоого милдеттүү.

1.10. Студенттер бейтаптардын укуктарын, жеке маалыматтарынын купуялуулугун жана медициналык сырды сактоого милдеттүү.

1.11. Студенттер медициналык манипуляцияларды практика жетекчисинин көзөмөлү астында, өзүнүн кесиптик компетенциясынын жана даярдык деңгээлинин чегинде гана аткарышат.

2. Өндүрүштүк практиканын максаты жана милдеттери

2.1. Өндүрүштүк практиканын негизги максаты – студенттердин окуу процессинде алган теориялык билимдерин бекемдөө, практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүү жана орто медициналык кызматкер катары өз алдынча кесиптик ишмердикке даярдоо.

2.2. Өндүрүштүк практиканын негизги милдеттери:

-теориялык билимдерди практикалык ишмердикте колдонуу;

-медициналык жардам көрсөтүүнүн негизги ыкмаларын өздөштүрүү;

-бейтаптарды кароо, байкоо жана абалын баалоо көндүмдөрүн калыптандыруу;

-бейтаптарга жалпы жана атайын медициналык жардам көрсөтүү көндүмдөрүн өнүктүрүү;

-медициналык манипуляцияларды аткаруунун практикалык ыкмаларын өздөштүрүү;

-медициналык документтерди туура толтуруу жана жүргүзүү көндүмдөрүн калыптандыруу;

-бейтаптар менен туура баарлашуу жана психологиялык мамиле түзүү жөндөмүн өнүктүрүү;

-медициналык кызматкерлер менен командада иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу;

-медициналык этика жана деонтология талаптарын сактоо;

-санитардык-гигиеналык жана эпидемияга каршы режимди сактоо;

-инфекциялык коопсуздук жана жеке коргонуу каражаттарын колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрүү;
-биринчи медициналык жардам көрсөтүү боюнча практикалык даярдыкты калыптандыруу;
-кесиптик жоопкерчиликти, тартипти жана өз алдынчалуулукту өнүктүрүү.

3. Өндүрүштүк практиканын түрлөрү жана мазмуну

3.1. Өндүрүштүк практиканын түрлөрү, көлөмү (сааты), мөөнөтү жана мазмуну тиешелүү адистиктин мамлекеттик билим берүү стандарты, билим берүү программасы жана окуу планы менен аныкталат.

3.1.1. Практикалардын аталыштары жана кредиттердин саны

060102 – Акушердик иш

Практиканын аталышы	Кредит
Базалык клиникалык практикадан өтүү (медайымдык иштин негиздери боюнча баштапкы кесиптик көндүмдөргө ээ болуу)	4
Базалык клиникалык практикадан өтүү (медайымдык иштин негиздери боюнча баштапкы кесиптик көндүмдөргө ээ болуу)	7
Клиникалык практика (хирургиялык оорулууларды кароо боюнча медайым катары баштапкы кесиптик көндүмдөргө ээ болуу)	4
Клиникалык практика (хирургиялык оорулууларды кароо боюнча медайым катары баштапкы кесиптик көндүмдөргө ээ болуу)	3
Клиникалык практика (терапиялык оорулууларды кароо боюнча медайым катары баштапкы кесиптик көндүмдөргө ээ болуу)	3
Клиникалык практика (терапиялык оорулууларды кароо боюнча медайым катары баштапкы кесиптик көндүмдөргө ээ болуу)	2
Адистиктин профили боюнча клиникалык практика	3
Адистиктин профили боюнча клиникалык практика	4
Гинекология боюнча клиникалык практика	4
Педиатрия жана балдардын жугуштуу оорулары боюнча клиникалык практика	3
Педиатрия жана балдардын жугуштуу оорулары боюнча клиникалык практика	3
Жугуштуу оорулууларды кароо боюнча клиникалык практика	3
Үй-бүлөлүк медицина боюнча клиникалык практика	3
Квалификация алдындагы клиникалык практика	10
Бардыгы:	**56**

060109 – Медайымдык иш

Практиканын аталышы	Кредит
Базалык клиникалык практикадан өтүү (чыныгы клиникалык шарттарда медайымдык иштин негиздери боюнча баштапкы кесиптик көндүмдөргө ээ болуу)	3
Базалык клиникалык практикадан өтүү (чыныгы клиникалык шарттарда медайымдык иштин негиздери боюнча баштапкы кесиптик көндүмдөргө ээ болуу)	3
Клиникалык практика. Хирургиялык оорулары бар бейтаптарга медайымдык кам көрүү	3
Клиникалык практика. Хирургиялык оорулары бар бейтаптарга медайымдык кам көрүү	3
Клиникалык практика. Ички органдарынын оорулары бар бейтаптарга медайымдык кам көрүү	3
Клиникалык практика. Ички органдарынын оорулары бар бейтаптарга медайымдык кам көрүү	3
Клиникалык практика. Шашылыш жардам көрсөтүү жана кырсык медицинасы	3
Клиникалык практика. Узак мөөнөттүү жана паллиативдик кам көрүү	3
Клиникалык практика. Балдарга жана өспүрүмдөргө медайымдык кам көрүү 1	3

Клиникалык практика. Балдарга жана өспүрүмдөргө медайымдык кам көрүү 2	3
Клиникалык практика. Акушердик жана гинекология тармагында медайымдык кам көрүү	3
Клиникалык практика. Психикалык саламаттык жана нерв системасынын ооруларында медайымдык кам көрүү	3
Клиникалык практика. Жугуштуу оорулар тармагында медайымдык кам көрүү	3
Клиникалык практика. Үй-бүлөлүк медицинада, бейтаптын үйүндө жана коомчулукта медайымдык кам көрүү	4
Квалификация алдындагы клиникалык практика	10
Бардыгы:	**55**

060101 – Дарылоо иши

Практиканын аталышы	**Кредит**
Баштапкы кесиптик көндүмдөргө ээ болуу үчүн клиникалык практика	8
Акушердик жана жугуштуу оорулар тармагындагы бейтаптарды кароо боюнча клиникалык практика	8
Терапия, педиатрия жана хирургия тармагындагы бейтаптарды кароо боюнча клиникалык практика	12
Тез жана шашылыш медициналык жардам фельдшери катары клиникалык практика	10
Үй-бүлөлүк медицина боюнча клиникалык практика	10
Квалификация алдындагы практика	17
Бардыгы:	**65**

060106 – Ортопедиялык стоматология

Практиканын аталышы	**Кредит**
Тиштерди моделдөө жана тиш-техникалык материалдар менен таанышуу боюнча окуу-өндүрүштүк практика	7
Баштапкы кесиптик көндүмдөргө ээ болуу боюнча окуу-өндүрүштүк практика	7
Адистиктин профили боюнча окуу-өндүрүштүк практика	10
Алынбалуучу жана алынбоочу протездерди даярдоо технологиясы боюнча окуу-өндүрүштүк практика	9
Ортодонтиялык аппараттарды жана жаак-бет протездерин даярдоо технологиясы боюнча окуу-өндүрүштүк практика	8
Квалификация алдындагы практика	9
Бардыгы:	**50**

060108 – Фармация

Практиканын аталышы	**Кредит**
Ботаника боюнча баштапкы кесиптик көндүмдөргө ээ болуу практикасы (гербарий даярдоо)	4
Фармацевтикалык технология боюнча баштапкы кесиптик көндүмдөрдү калыптандыруу практикасы	4
Фармацияны уюштуруу жана экономикасы, фармацевтикалык технология жана фармакогнозия боюнча окуу-өндүрүштүк практика	12
Фармацияны уюштуруу жана экономикасы, фармацевтикалык технология боюнча окуу-өндүрүштүк практика	14
Квалификация алдындагы практика	13
Бардыгы:	**47**

3.2. Практиканын программасы Медициналык колледждин тиешелүү циклкдык комиссиялары тарабынан иштелип чыгып, белгиленген тартипте бекитилет.

3.3. Медициналык колледждин студенттери үчүн өндүрүштүк практика төмөнкү түрлөрдү камтышы мүмкүн:

-окуу практикасы;
-клиникалык практика;
-өндүрүштүк практика;
-квалификация алдындагы практика;
3.4. Практиканын мазмуну студенттин адистигине жана окуу курсунун деңгээлине жараша аныкталат.
3.5. Практиканын жүрүшүндө студенттер медициналык мекеменин түзүмү, бөлүмдөрдүн иш тартиби, медициналык кызматкерлердин функционалдык милдеттери жана бейтаптарды тейлөө тартиби менен таанышат.
3.6. Студенттердин аткарган практикалык иштеринин көлөмү жана түрлөрү практика программасында белгиленет.

4. Өндүрүштүк практиканы уюштуруу жана өткөрүү тартиби

4.1. Өндүрүштүк практика окуу планына жана окуу процессинин графигине ылайык уюштурулат.
4.2. Практиканын башталышына чейин Медициналык колледж тарабынан төмөнкү уюштуруу иштери жүргүзүлөт:
-практика базаларын аныктоо;
-медициналык мекемелер менен келишимдерди түзүү;
-практика программаларын даярдоо жана бекитүү;
-студенттерди практика базаларына бөлүштүрүү;
-практика жетекчилерин дайындоо;
-студенттерге практикадан өтүү боюнча нускамаларды берүү;
-эмгекти коргоо, коопсуздук техникасы жана санитардык-эпидемиологиялык талаптар боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.
4.3. Студенттерди практика базаларына бөлүштүрүү Медициналык колледждин жетекчилигинин билдирүүсү жана унтверситеттин буйругу менен жүргүзүлөт.
4.4. Практиканын башталышында студенттер медициналык мекеменин ички тартиби, иш графиги, эмгек коопсуздугу жана бейтаптар менен иштөө эрежелери менен таанышстырылат.
4.5. Практика учурунда студенттер бекитилген программага ылайык күнүмдүк тапшырмаларды аткарышат.
4.6. Практика жетекчиси студенттердин ишин көзөмөлдөп, алардын практикалык көндүмдөрүн өздөштүрүүсүнө көмөк көрсөтөт.
4.7. Студенттер практика учурунда практика күндөлүгүн үзгүлтүксүз толтурушат.
4.8. Практика программасында каралган тапшырмалар студент тарабынан өз убагында жана толук аткарылышы керек.
4.9. Практика учурунда студенттерге бейтаптарга өз алдынча медициналык диагноз коюуга, өз алдынча дарылоо дайындоого жана тиешелүү уруксаты жок медициналык манипуляцияларды жүргүзүүгө тыюу салынат.

5. Практиканын жетекчилеринин милдеттери

5.1. Медициналык колледж тарабынан дайындалган практика жетекчисинин милдеттери:
-практиканы уюштуруу жана өткөрүү боюнча иш-чараларды жүргүзүү;
-студенттерди практика программасы менен камсыз кылуу;
-практика базалары менен байланыш түзүү;
-студенттердин практикалык ишмердигин көзөмөлдөө;

-практика күндөлүктөрүнүн толтурулушун текшерүү;
-студенттерге методикалык жардам көрсөтүү;
-практиканын жыйынтыгын талдоо жана баалоого катышуу;
-практика боюнча отчетторду даярдоо.
5.2. Медициналык мекеме тарабынан дайындалган практика жетекчисинин милдеттери:
-студенттерге медициналык мекеменин ишмердиги менен тааныштыруу;
-студенттерге коопсуз эмгек шарттарын камсыз кылуу;
-практикалык тапшырмаларды аткарууга багыт берүү;
-медициналык манипуляциялардын туура жана коопсуз аткарылышын көзөмөлдөө;
-медициналык этика жана деонтология талаптарынын сакталышын камсыз кылуу;
-студенттердин практикалык көндүмдөрүн баалоо;
-практика аяктаганда студентке мүнөздөмө берүү жана баалоо баракчасын толтуруу.

6. Студенттердин укуктары жана милдеттери

6.1. Студенттер төмөнкү укуктарга ээ:
-практика программасы жана анын мазмуну менен таанышууга;
-практика жетекчисинен методикалык жана практикалык жардам алууга;
-практика базасында зарыл болгон шарттардын түзүлүшүн талап кылууга;
-практика учурунда коопсуз эмгек шарттары менен камсыз болууга;
-практиканын жыйынтыгы боюнча өз баасы менен таанышууга.
6.2. Студенттер төмөнкүлөргө милдеттүү:
-практиканын программасын толук аткарууга;
-практика белгиленген мөөнөттө жана жерде өтүүгө;
-медициналык мекеменин ички тартип эрежелерин сактоого;
-практика күндөлүгүн өз убагында толтурууга;
-бейтаптардын укуктарын жана медициналык сырды сактоого;
-санитардык-эпидемиологиялык жана инфекциялык көзөмөл талаптарын аткарууга;
-медициналык кызматкерлердин мыйзамдуу көрсөтмөлөрүн аткарууга;
-медициналык жабдууларга жана мүлккө аяр мамиле кылууга;
-практика учурунда кесиптик этиканы сактоого;
-практика аяктагандан кийин белгиленген мөөнөттө отчеттук документтерди тапшырууга.
6.3. Студенттерге төмөнкүлөргө тыюу салынат:
-практика жетекчисинин уруксатысыз медициналык манипуляцияларды аткарууга;
-бейтаптарга өз алдынча дары-дармек дайындоого;
-медициналык документтерге өз алдынча расмий жазууларды киргизүүгө;
-бейтаптардын жеке маалыматтарын үчүнчү жактарга таратууга;
-медициналык мекеменин ички тартибин бузууга;
-практика учурунда жумуш ордун себепсиз таштап кетүүгө.

7. Практиканын жүрүшүн көзөмөлдөө

7.1. Өндүрүштүк практиканын жүрүшүнө көзөмөл Медициналык колледждин жетекчилиги, практика жетекчилери жана медициналык мекеменин жооптуу адистери тарабынан жүргүзүлөт.
7.2. Көзөмөл төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлөт:
-студенттердин практикага катышуусу;
-практика программасынын аткарылышы;

-практикалык көндүмдөрдүн өздөштүрүлүшү;
-практика күндөлүгүнүн жүргүзүлүшү;
-медициналык этика жана деонтологиянын сакталышы;
-санитардык-эпидемиологиялык талаптардын аткарылышы;
-студенттердин тартиби жана жоопкерчилиги.
7.3. Практика жетекчиси зарыл болгон учурда студенттердин ишмердигин текшерип, методикалык жардам көрсөтөт.
7.4. Практиканын жүрүшүндө аныкталган кемчиликтер студентке түшүндүрүлүп, аларды жоюу боюнча тиешелүү чаралар көрүлөт.

8. Өндүрүштүк практиканын жыйынтыгын чыгаруу жана баалоо

8.1. Өндүрүштүк практиканын жыйынтыгы практика программасынын аткарылышына, студенттин практикалык көндүмдөрүнө, күндөлүгүнө жана отчеттук документтерине жараша бааланат.
8.2. Практиканын аягында студент төмөнкү документтерди тапшырат:
-практика күндөлүгү;
-практика боюнча отчет;
-медициналык мекеменин практика жетекчисинин мүнөздөмөсү;
-аткарылган практикалык иштердин тизмеси;
-практика жетекчиси тарабынан толтурулган баалоо баракчасы;
-практика программасында каралган башка документтер.
8.3. Практиканын жыйынтыгы боюнча студенттер белгиленген тартипте жыйынтыктоочу баалоодон өтүшөт.
8.4. Студенттердин билими жана практикалык көндүмдөрү төмөнкү критерийлер боюнча бааланат:
-теориялык билимдерди практикалык иште колдоно билүүсү;
-медициналык манипуляцияларды туура жана коопсуз аткаруусу;
-бейтаптар менен баарлашуу маданияты;
-медициналык документтерди жүргүзүүсү;
-медициналык этика жана деонтологияны сактоосу;
-практика программасын аткаруу деңгээли;
-тапшырылган отчеттук документтердин сапаты.
8.5. Практика боюнча жыйынтык баа университетте бекитилген баалоо системасына ылайык коюлат.
8.6. Практика программасын толук аткарбаган же жүйөлүү себептерсиз практикага катышпаган студенттер практикадан кайра өтүүгө милдеттүү.
8.7. Практикадан жүйөлүү себептер менен өтпөй калган студенттердин маселеси Медициналык колледждин жетекчилиги тарабынан белгиленген тартипте каралат.

9. Практика учурунда эмгекти коргоо жана коопсуздук талаптары

9.1. Практикага киришүүдөн мурда студенттер эмгекти коргоо, коопсуздук техникасы, санитардык-гигиеналык жана инфекциялык көзөмөл боюнча нускама алышат.
9.2. Студенттер медициналык мекемеде жеке коргонуу каражаттарын колдонууга милдеттүү.
9.3. Биологиялык суюктуктар, медициналык калдыктар, курч медициналык аспаптар жана инфекциялык коркунуч келтирүүчү материалдар менен иштөөдө коопсуздук эрежелери так сакталууга тийиш.
9.4. Ийне сайылып кетүү, кан же башка биологиялык суюктуктар менен байланышуу, жаракат алуу жана башка өзгөчө кырдаалдар болгон учурда студент дароо практика жетекчисине билдирүүгө милдеттүү.

9.5. Студенттердин ден соолугуна жана коопсуздугуна коркунуч келтирген иштерди аткарууга жол берилбейт.

10. Өндүрүштүк практиканын документтери

10.1. Өндүрүштүк практиканы уюштуруу жана өткөрүүдө төмөнкү документтер жүргүзүлөт:
-медициналык мекемелер менен түзүлгөн келишимдер;
-студенттерди практика базаларына бөлүштүрүү жөнүндө буйрук;
-практика программасы;
-практика графиги;
-практика күндөлүгү;
-практиканыне жол картасы:
-студенттердин катышуусун каттоо журналы;
-практика жетекчилеринин отчеттору;
-студенттердин практика боюнча отчеттору;
-мүнөздөмөлөр жана баалоо баракчалары;
-практиканын жыйынтыгы боюнча аналитикалык отчет.
10.2. Практикага тиешелүү документтер Медициналык колледжде белгиленген тартипте сакталат.

11. Жоопкерчилик

11.1. Практиканы уюштуруу жана өткөрүү үчүн Медициналык колледждин жетекчилиги, практика жетекчилери жана медициналык мекемелердин жооптуу кызматкерлери өздөрүнүн функционалдык милдеттеринин чегинде жоопкерчилик тартышат.
11.2. Студенттер ушул Жобонун талаптарын бузган учурда университеттин ички тартип эрежелерине жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылышат.
11.3. Практика учурунда бейтаптардын укуктарын бузууга, медициналык сырды таратууга жана коопсуздук талаптарын сактабоого жол берген студенттерге карата тиешелүү чаралар көрүлөт.

12. Корутунду жоболор

12.1. Ушул Жобо Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.
12.2. Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана университеттин ички ченемдик документтерине ылайык киргизилет.
12.3. Ушул Жободо каралбаган маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана университеттин тиешелүү ички ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.

ИШТЕП ЧЫККАНДАР:
Медициналык колледждин директору

Медициналык колледждин карьераны өнүктүрүү жана
өндүрүштүк практиканы уюштуруунун жетекчиси

Карьераны өнүктүрүү жана өндүрүштүк практиканы
уюштуруу бөлүмүнүн башчысы